«МАКУЛДАШЫЛГАН»

“Сапаттуу Билим” агенттигинин негиздөөчүлөрүнүн чогулушунун №___6___протоколу 22.07.2025ж.

«БЕКИТИЛГЕН»

агенттиктин директору
Бостонова П.З.

________________

# КЕСИПТИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯ ДОКТОРУНУН (PhD)/ТАРМАК БОЮНЧА ДОКТОРДУ/ОРДИНАТОРДУ ДАЯРДОО УЮМУН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН СТАНДАРТТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

Кесиптик жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүнүн философия докторунун PhD)/тармак боюнча докторду/ординаторду даярдоо уюмун инстутуционалдык аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтому менен бекитилген «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо талаптары жана критерийлери» койгон талаптарына ылайык иштелип чыккан.

**1- Стандарт. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты.**
**Критерийлери:**

1.1. Стратегиялык жана учурдагы пландар билим берүү уюмунун миссиясына жетишүүгө жөндөм түзөт жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырат;

1.2. Ички башкаруу системасы натыйжалуу иштейт жана билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга жөндөм түзөт;

1.4. Билим берүү уюму билим берүү ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактайт;

1.5. Кызыкдар тараптар билим берүү уюмунун ишинин натыйжалары жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүгү бар;

1.6. Билим берүү уюму өзүнүн академиялык беделин жогорулатуу боюнча чараларды көрөт;

1.7. Билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат.

**2-Стандарт. Адам ресурстарын башкаруу.**
**Критерийлери:**

2.1. Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруунун ачык жана объективдүү механизмдери жана жол-жоболору, анын ичинде персоналдын жана билим алуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерине ээ;

2.2. Билим берүү уюму персоналды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүүнү жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылат;

2.3.Билим берүү уюму персоналдын ишин баалоонун, алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын, объективдүү механизмдерине жана көрсөткүчтөрүнө ээ.

**3-Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.**
**Критерийлери:**

3.1. Билим берүү уюму билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;

3.2.Билим берүү уюмунда материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар;

3.3. Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына шайкеш келет.

**4- Стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу.**

**Критерийлери:**

4.1. Билим берүү уюму финансыны башкарууда, бюджетти аткарууда ачыктыкты жана айкындуулукту, негизделген финансылык пландоону камсыз кылат;

4.2. Билим берүү уюму финансылык ресурстарды башкаруунун механизмдерин жана жол-жоболорун дайыма жакшыртып турат;

4.4. Билим берүү уюму персоналга жана (PhD) докторанттарга/ординаторлорго социалдык колдоо көрсөтөт.

**5-Стандарт. Илимий иш (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары үчүн)**:

5.1. Билим берүү уюму илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт;

5.2. Билим берүү уюму жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ, илимий изилдөөлөр үчүн алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;

5.3. Билим берүү уюму илимий-изилдөө стажировкасынан өтүүгө, илимий натыйжаларды жана кадрларды алмашууга көмөк көрсөтөт;

5.4. Билим берүү уюму педагогдордун сыйлоо системасын жана илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын билим берүү ишинде жана практика менен байланышта колдонуу боюнча индикаторлорун пайдаланат;

5.5. Билим берүү уюму илимий-метрикалык көрсөткүчтөр аркылуу персоналдын жана билим алуучулардын жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт.